**СУЛАЙМАНОВА Р.Т.**
**lib.knu@mail.ru**

# ЭЛЕМЕНТЫ ЭТНОПЕДАГОГИКИ В ПРОИЗВЕДЕНИЯХ Ч. АЙТМАТОВА

Творчество народного писателя кыргызского народа Чингиза Айтматова, его художественные произведения имеют глубокое психолого-педагогическое содержание, большое познавательное и воспитательное значение, по праву занимая свое достойное место в школьных учебниках и программах и, в целом, в общей системе духовно-нравственного воспитания молодежи.

Чингиз Айтматов – человек, искренне и плодотворно служащий народу. Его мысли о воспитании и образовании подрастающего поколения – это мысли выдающегося сына своей Родины, неустанного борца за сохранение мира на Земле.

Все мысли Чингиза Айтматова по вопросам воспитания и образования совпадают с современными положениями научной педагогики, что доказывает обладание писателем педагогической эрудицией.

Ч.Айтматов дает объективную, принципиально верную оценку и объяснение современному состоянию проблемы воспитания молодежи, раскрывает общественно-социальные корни, цели и задачи нравственного воспитания. Положительные образы его произведений и, в целом, его творчество помогают читателям (и особенно учащимся) расширить и углубить их понятия о нравственности, самокритично оценивать свое видение, формируют у них устойчивую потребность в самовоспитании, ибо нравственные качества, присущие айтматовским героям, становятся ведущими мотивами в их деятельности и поведении.

Писатель Ч.Айтматов, известный как выдающийся публицист, философ, общественный деятель, в неменьшей мере является и педагогом, органической составной частью творчества которого являются его идеи о воспитании, образовании и обучении.

Правдивость, совестливость, широта натуры и щедрость души, ненависть к  лжи и несправедливости, отвращение к наживе  и тщеславию, неприемлемость всего застойного, негативного,  любовь к Родине  и интернационализм, величие и чистота любви и дружбы, уважение к старшим, учителям, любовь  и уважение к родителям, родным и близким, стойкость и выносливость  при трудностях, жизненных невзгодах, мужественность, трудолюбие и уважение к человеку-труженику, человеку-творцу - вот основные вопросы морали, этики, которые  нашли свое яркое отражение и верное социально-нравственное решение  в художественных произведениях  и публицистических  выступлениях  Чингиза Айтматова.

Повесть «Прощай, Гульсары», так же  как и другие произведения Чингиза  Айтматова, напоена животворными соками народного творчества. В ней раскрываются смысл, красота многих национальных традиций и обычаев.

Так, Чингиз Айтматов с глубоким волнением и восхищением  описывает широко распространенные  национальные игры: «ат чабыш» (испытание силы и быстроты бега коней), «улак тартыш» (испытание силы и ловкости джигитов и коней), ведь издревле для киргиза: «Лошадь – крылья человека». «Растянувшаяся  по фронту лавина перекатывалась темной волной с пригорья на пригорье во власти ритма  и музыки бега. Не от того ли были сосредоточены и молчаливы  лица всадников, не это ли породило рокочущие  звуки казахской домбры и киргизского комуза!... Так, наверное, убегали прежде с добычей, так, наверное, спасали от плена и раненого батыра». «Игры бесстрашных» воспитали не одно поколение киргизской молодежи. «Да будут  благословенны предки, оставившие нам эти мужские игры бесстрашных!», - восклицает Чингиз Айтматов.

В думах и тревогах Танабая слышится  голос самого писателя, его размышления  об отношении к национальным традициям, искусству, ремеслам. Одно время Танабай даже поддерживал  тех, кто смотрел на юрту как на предмет, отживший свой век. Позже он понял свое глубокое  заблуждение. Ведь в юрты киргизы вкладывали все свое умение и мастерство,

**Отформатировано**

**Удалено:**

**Отформатировано:** Шрифт: Times New Roman

**Удалено:**

**Отформатировано:** По правому краю, Справа:  1,05 пт

**Отформатировано:** Шрифт: Times New Roman

**Удалено:**

**Удалено:**
¶
**ИНСАНДЫН БААЛУУЛУК БАГЫТТАРЫН АНЫКТООДОГУ УЛУТТУК МАДАНИЙ ШАРТТАРДЫН ОРДУ¶**
**¶**
Реалдуу турмушта адамдын социалдык жактан калыптануусуна жана жүрүм-турумуна көбүн эсе коомдук маданий таасирлер басымдуулук кылат. Адамдардын тигил же бул этноско таандык экендигинин эң башкы көрсөткүчү болуп биринчи иретте ошол улуттун тили жана маданияты, экинчиден, адам тарабынан өзүн кайсы улутка таандык деп эсептеши жана ошол улуттук чөйрөдөгү адамдардын ал инсанды өздүк катары эсептеши саналат.¶
Демек, өзүн кыргыз деген адам эң алды менен кыргыз тилин билүүсү, өзүн кыргыз тарыхы жана маданияты менен бирдикте кароосу, ал маданиятты өзүнө таандык жана өзүн ошол маданиятка таандык (идентификация) деп эсептеши шарттуу нерсе. Мунун бардыгы этнос деген тъшънъктън (биологиялык гана тъшънък эмес) тарыхый, коомдук-маданий кёрънъш экендигинен кабар берет. ¶
Инсандын баалуулук багыттарын аныктоодо улуттук маданий шарттардын таасири өзгөчө. Бул негизинен улуттук менталитеттен байкалат. Бул тъшүнүк коомдук илимдерге XX кылымда француз окумуштуусу Л. Леви Брюл тарабынан киргизилген.¶
**Менталитет –** бул табигый климаттык, тарыхый жана маданий шарттардын негизинде калыптанган ар кандай этностук топторго таандык, коллективдик мүнөзгө ээ болгон, аң-сезимдин катышуусуна анчейин баш ийе бербеген терең руханий белгилердин жыйындысын билдирет.¶
Этностук менталитет ... [1]

накопленное веками, и она является как бы основным образцом материальной культуры киргизского народа, дошедшим до наших дней. К тому же общеизвестно, какую большую практическую роль играют юрты и в настоящее время. «Какие украшения, утварь какую из серебра, из меди, из дерева, из кожи умели делать!... умение дедовское забываем. Похоронили начисто старое ручное мастерство, а ведь в руках и душа, и глаза человека...», - с горечью рассуждает Танабай.

В формировании нравственных качеств личности Чингиз Айтматов решающее значение отводит воспитанию, условиям формирования личности человека в его детские годы и условиям ее развития в дальнейшем.

...если вглядеться повнимательнее, то детство мы всегда несем с собой. Оно формирует будущую личность. Все, что человек познает в детстве, все, что он выстрадал, узнал, все горе, вся боль и все открытия – все это сохраняется в нем навсегда.

И не случайно писатель с большой любовью и благодарностью вспоминает свою бабушку по отцу Айимкан Сатан кызы и ее дочь, свою тетку, Карагыз Айтматову, которые оказались его наставницами «по части старины и семейной хроники». «...бабушка, постоянно увозившая меня, внука своего, к себе, в горы, на летние кочевки, женщина, исключительно обаятельная и умная, всеми уважаемая в аиле, оказалась для меня кладом сказок, старинных песен, былей и небылиц...

Она украсила мое детство сказками, песнями, встречами со сказителями и акынами, она всюду непременно брала меня с собой: и в гости, и на похороны, и на свадьбы. Она часто рассказывала мне свои сны. Сны эти были настолько интересны, что стоило ей немного вздремнуть, как я тут же будил ее и требовал рассказать, что она видела во сне.

Сама того не подозревая, бабушка привила Чингизу любовь к родному языку... Именно в детстве закладывается подлинное знание родной речи, именно тогда возникает ощущение причастности своей к окружающим людям, к окружающей природе, к определенной культуре», - считает писатель.

Будущее не может быть надежным без прошлого. Новое прочнее всего укрепляется на фундаменте старого. Духовно-нравственый опыт полнее всего и лучше всего собирается и сберегается в культуре, складывающейся веками и тысячилетиями в народе, вырастающей на народной почве. Без исконно народных педагогических традиций нет и не может быть полноценного воспитания подрастающего поколения. Каждый обязан серьезно задуматься над вопросами воспитания подрастающего поколения – такова основная мысль Чингиза Айтматова.

Изучение педагогического аспекта творчества Ч.Айтматова позволяет сделать ряд выводов и обобщений, определить вопросы, оставшиеся нерешенными, наметить дальнейшие вероятностные пути еще более углубленного постижения многогранного таланта выдающегося представителя кыргызской литературы.

Ч.Айтматов своим творчеством блестяще продемонстрировал, чего можно достичь, развивая потенциальные возможности кыргызской народной педагогики, творчески их переосмысливая. Вдыхая живительную влагу народной мудрости, продолжает традиции и идеи великих акынов, сказителей-манасчи, яркими представителями которых являются Токтогул Сатылганов, Тоголок Молдо, Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев и др. Подняв их до уровня философского мышления, высокого искусства и органически сплавляя фольклорные формы с литературными, писатель придает им глубокий философский и нравственный смысл.

Со всей несомненностью можно утверждать, что писатель-педагог существенно обогатил и продолжает обогащать духовно-нравственную жизнь нашей страны, и не только, пожалуй, нашей. Бесспорен также и его вклад в педагогическую культуру народа.

Органам народного образования, учителям следует творчески использовать ценные мысли, предложения и пожелания Ч.Айтматова о повышении роли народной педагогики, использовании памятников народной педагогики в учебно-воспитательной работе, о повышении роли, авторитета и материального благосостояния народного учителя, о глубоком изучении в школах родного языка.

Все это, несомненно, наполнит занятия новым, свежим содержанием, способствуя глубокому изучению творчества выдающегося писателя современности Ч.Айтматова. А

искры горячих сердец айтматовских героев разожгут пламя чести, добра и справедливости в тех, кому предстоит идти по дороге нравственности в будущее.

## ЛИТЕРАТУРА


1. Айтматов Ч. Повести и рассказы. – Фрунзе: Кыргызстан, 1974.
2. Айтматов Ч. Статьи, выступления, диалоги, интервью. – М.: Новости, 1988.
3. Антология педагогической мысли Киргизской ССР. – М.: Педагогика, 1988. -366 с.
4. Волков Г.Н. Созвездия земли. - Чебоксары,1979.


**Отформатировано:** Справа: 1,05 пт, нумерованный + Уровень: 1 + Стиль нумерации: 1, 2, 3, … + Начать с: 1 + Выравнивание: слева + Выровнять по: 18 пт + Табуляция после: 36 пт + Отступ: 36 пт

**Удалено:** Р., Панкова Т.В., Калдыбаева А. Педагогиканын тарыхынын очерктери. Бишкек, 1997.

**Отформатировано:** Шрифт: 12 пт, не полужирный, не курсив, Цвет шрифта: Авто

**Отформатировано:** По левому краю, Отступ: Слева: 0 пт, Первая строка: 0 пт

## ИНСАНДЫН БААЛУУЛУК БАГЫТТАРЫН АНЫКТООДОГУ УЛУТТУК МАДАНИЙ ШАРТТАРДЫН ОРДУ

Реалдуу турмушта адамдын социалдык жактан калыптануусуна жана жүрүм-турумуна көбүн эсе коомдук маданий таасирлер басымдуулук кылат. Адамдардын тигил же бул этноско таандык экендигинин эң башкы көрсөткүчү болуп биринчи иретте ошол улуттун тили жана маданияты, экинчиден, адам тарабынан өзүн кайсы улутка таандык деп эсептеши жана ошол улуттук чөйрөдөгү адамдардын ал инсанды өздүк катары эсептеши саналат.

Демек, өзүн кыргыз деген адам эң алды менен кыргыз тилин билүүсү, өзүн кыргыз тарыхы жана маданияты менен бирдикте кароосу, ал маданиятты өзүнө таандык жана өзүн ошол маданиятка таандык (идентификация) деп эсептеши шарттуу нерсе. Мунун бардыгы этнос деген тъшънъктън (биологиялык гана тъшънък эмес) тарыхый, коомдук-маданий кёрънъш экендигинен кабар берет.

Инсандын баалуулук багыттарын аныктоодо улуттук маданий шарттардын таасири өзгөчө. Бул негизинен улуттук менталитеттен байкалат. Бул тъшүнүк коомдук илимдерге XX кылымда француз окумуштуусу Л. Леви Брюл тарабынан киргизилген.

**Менталитет –** бул табигый климаттык, тарыхый жана маданий шарттардын негизинде калыптанган ар кандай этностук топторго таандык, коллективдик мүнөзгө ээ болгон, аң-сезимдин катышуусуна анчейин баш ийе бербеген терең руханий белгилердин жыйындысын билдирет.

Этностук менталитетке ошол улутка мүнөздүү болгон айлана-чөйрөдөгү кубулуштарды таанып билүү, кабыл алуу өзгөчөлүктөрү кирет. Менталитет аркылуу улутка мүнөздүү болгон айлана-чөйрөгө багытталган иш-аракеттин айырмачылыктары берилет.

Тактап айтканда, улуттук менталитетке ошол улуттун өкүлдөрүнө мүнөздүү эмгектик салттар, үй-тиричилигин тейлөөдөгү жайлуулук, сулуулук жана кунарсыздык тууралуу идеалдар, үй-бүлөлүк канондор жана мамилелер, жыныстык жана ролдук нормалар, сый, маданият сылыктык жана башка сезимдер чагылдырылат.

Адамдын баалуулук багыттарын аныктоодогу менталитеттин мааниси өтө чоң, өзгөчө жыныстык ролдорду, ата-энелик милдетти өздөштүрүүдө тигил же бул этностун менталитеттик өзгөчөлүктөрүнүн маанисин айтсак болот. Этностук менталитеттин үй-бүлөлүк социалдашуудагы маанисин төмөнкүдөн байкаса болот. Мисалы, Өзбекстанда турмуш куруп жаткан жаштардын 80%и ата-эненин макулдугун сөзсүз зарыл деп эсептешет жана балалуу үй-бүлөдө ажырашууга жол берилбөөсү керек дешет. Ошол эле мезгилде эстондук жаштардын 80%и ата-эненин макулдугун тескерисинче зарыл деп эсептешпейт жана 50%и балалуу үй-бүлөдө да ата-эне арасында ажырашуу мъмкън деген пикирди кабыл алышат. Бул мисал көп балалуу болгон өзбек эли сыяктуу эле кыргыз элинин менталитетинде да үй-бүлө курууга, баланы багууга, балдар тууралуу кам көрүүгө өзгөчө талап коюлуп, бул көрүнүш менталитеттик мүнөзгө ээ болуп калгандыгын көргөзөт. Ал эми балдары аз эстондуктарга ажырашуу маселеси андай менталитеттик мааниге ээ эмес.

Баалуулук багыттарды аныктоодогу мааниси зор менталдык өзгөчөлүктөр ар улуттагы адамдар арасындагы баарлашуу, карым-катнаш мамилелеринде да байкалат. Мисалы, Японияда ар кандай жаш курактагы адамдар сүйлөшкөндө улуусу көбүнчө монолог формасын колдонот, андыктан, кичүүсү көбүнчө угуп туруга мажбур болот. Чыгыш элдеринде кичүүнүн улууга сөзсүз түрдө баш ийүүсүнүн натыйжасында, жаштар көбүнчө пассивдүү жүрүм-турумга ыңгайлашкандыгы байкалат. Ошол эле мезгилде кичүүлөрдүн сөзсүз түрдө улууларга баш ийүүсү чөйрөдөгү тартип маселесинин чечилишине таасирин тийгизбей койбойт.

Кыргыз элиндеги улуттук маданий шарттар инсандын баалуулук багыттарын аныктоодо өзгөчө орунду ээлейт. Белгилей турган болсок, баланын коомдук турмуштун баалуулуктарын ажырата билишинде кыргыздардын дүйнө таанымдык көз карашы, элдик таалим-тарбия тажрыйбаларынан тартып, турмуш-тиричиликтик салттар, үй-бүлөлүк тарбиянын өзгөчөлүктөрү, элдин эмгекке карата болгон мамилеси, элдик оюндар жана тамашалардын, үрп-адаттардын, элдик оозеки чыгармачылыктын, элдик көркөм чыгармачылыктын, элдик музыканын, элдик кол өнөрчүлүктүн, элдик билимдин таасири өтө зор.

Кыргыз элдик таалим-тарбиясынын маанилүү фактору болуп адаттын мыйзам ченемдүү абалдарынан – бардыгы үчүн милдеттүү болгон адептик-этикалык эрежелердин оозеки жыйнагына негизденген коомдук пикир эсептелет. Көбүнчө тарбиялоонун натыйжалуулугу, инсандын, үй-бүлөнүн, уруунун, айылдын беделдүү адамдары өздөрүнүн айкын иш-аракеттерин акыл эстүү коомдук пикир менен кандайча алмаштырууларына жараша болот. Элдик тарбиянын инсандын баалуулук багыттарын ажыратуудагы өзгөчөлүгү болуп өсүп келе жаткан муунду тарбиялоо процесси өйдө, уруу, урук ичинде, айылда, көчүп конууда ж.б. коллективдүү мүнөзгө ээ болушу менен шартталат.

Элдик психологияга мүнөздүү болгон жогоруда белгиленген коллективдүүлүк, мындан тышкары демократиялуулук, коомдук пикирдин баалуулугу, синкретизм сыяктуу өзгөчөлүктөр анын инсанды социалдаштыруудагы маанисин ого бетер тереңдетип турат.

Адатта кыргыз элинде жаш муундарды тарбиялоодо жыныстык өзгөчөлүктөргө маани берилип, уул балдарды тарбиялоо иши аталардын, агалардын, аксакал карылардын жетекчилиги менен жүрүп, негизинен жалпы коомдук мааниге ээ болуп келген. Себеби, уул балдар табиятынан эле эл-журтту коргоочу, уруу, уруктун орчундуу маселелерин чечүүдө жоопкерчиликтүүлүк моюнга терең жүктөлгөн жан катары бааланып, андыктан мындай жоопкерчиликтъъ милдетти ишке ашырууга жалпы коомчулук тарабынан кам көрүлгөн. Элибиз уул балдарды кичине кезинен тарта эле ушул нукта тарбиялап келишкендигин төмөнкү накыл сөздөр айгинелеп турат: «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде», «Жакшы жигит жоодо мырза, үйдө кул», «Азамат эрдин белгиси – сырта мырза, үйдө кул», «Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны», «Атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн».

Ал эми кыз балдарды өстүрүү, аларды жетилтип, адам катарына кошуу милдети энеге, жеңеге, чоң энелерге жүктөлгөн. Кыргыз элинде кыздарды тарбиялоо иши дагы коомдук мааниге ээ болуп келген. Мисалы бул маселе төмөнкү макалдарда ачык көрсөтүлгөн: «Кызга кырк үйдөн тыюу», «Энесин көрүп кызын ал, эшигин көрүп төрүнө өт», «Эжени көрүп сиңди өсөт», «Кыздуу үйдө кыл жатпайт».

Үй-бүлөлүк тарбия педагогиканын өзөктөш бөлүгү гана болбостон, элдик педагогиканын тажрыйбасы көрсөткөндөй анын негизи да болушу керек. Үй-бүлөлүк тарбия жергиликтүү улуттук салттарга негизделип, туура ой жүгүртүүгө ылайыкталат. Үй-бүлөлүк тарбияда өздүк үй-бүлөлүк осуяттар кыйла маанилүү, башкача айтканда, салт боюнча ата-бабалардан келаткан нерселер чоң ата менен чоң энелерге, алардын эже-карындаштарына, сиңдилерине жана ага-инилерине, акырында алардын балдарына, неберелерине жана чөбөрөлөрүнө өтөт.

Байкоо жүргүзүү көрсөткөндөй, балдардын, неберелердин жашоо-тиричиликтеринин мүнөзү кандай гана өзгөрбөсүн, алар балдарына үй-бүлөлүк тарбия берүүдө, эреже катары, эл акылынан эленип чыккан үй-бүлөлүк осуяттарды карманбай койбойт. Ошол эле ырдаган бешик ырлары ырдалат; бир учурда чоң аталар, аталар айткан акыл-насаатка мүнөздүү болгон акыл-насааттар айтылат ж.б. Үй-бүлөлүк педагогикалык осуяттар айрыкча айыл жергесинде күчтүү. Азыр да кыргыз элинин салттуу үй-бүлөлүк тарбия берүүсүнө эмне тиешелүү болсо, анын бардыгын чогултуу, системалаштыруу, үйрөнүү, баалоо маселелери курч коюлууда. Ушул кезге чейин туруктуу жашаган эли бар айылдарда ата-энелер жана жакындары гана эмес, кошуналары, дегеле ошол айылдын ар бир тургуну ар бир баланын тагдырына,

тарбияланышына өзүн салттуу түрдө жооптуумун деп эсептейт жана бул милдет катары кабыл алынат.

Кыргыз элинин эмгекке карата болгон мамилеси жаш муунду коомдук баалуулуктарын аныктоодо өзгөчө орунду ээлеп турат. Себеби кыргыз турмушундагы ар бир эмгектик иш-аракеттер коллективдүү мүнөздө болуп, калыптануу жолундагы ар бир инсанда жамаатчылык сапатты, өз ара жардамдашууну, көпчүлүктүн арасында өзүн туура алып жүрүүнү, өз укук жана милдеттерин бекем сактоочулукту калыптандырат. Кыргыздардагы «ашар» деп аталган өз ара жардамдашуу ыкмасы аркылуу иш-аракеттерди жасоодо дагы жаш муундарда көпчүлүк менен бирге болуу, ынтымакташтык, кайрымдуулук, достук сыяктуу сапаттар бекемдеген. Кыргыздардын улуттук «Оп майда», «Бекбекей», «Шырылдаң» сыяктуу эмгекке арналган ырларында дагы жаштарды эмгектенүүгө үйрөнүү менен аларды коллективдүүлүккө чакырып, эмгектенүү бул – тъйшък тартуу эмес, тескерисинче, өзгөчө ынтымакташтыкта, жамаатчылык менен эмгектенүү - бул көңүлдүү убакыт өткөрүү деген сыяктуу идеяны берет.

Кыргыз турмушундагы «Көп түкүрсө көл болот» деген макалдын мааниси дагы көпчүлүк тарабынан, биргеликте жасалган эмгектин жыйынтыгы жемиштүү деген ойду ачып берет. Ушул сыяктуу эле «Ырыс алды - ынтымак» деген накыл сөздө дагы жогорудагы ой бекемделет.

Кыргыз турмушундагы элдик оюндар дагы коллективдүү мүнөзгө ээ болуп, ошону менен бирге алар айрыкча эл көп топтолгон той-аштарда да ойнотулган. («Ат чабыш», «Кыз куумай», «Улак тартыш» ж.б.). Ал эми балдарга арналган «Ак терек, көк терек», «Жашынмак», «Жоолук таштамай», «Чикилик» сыяктуу оюндар балдарды өзүн көпчүлүктүн арасында алып жүрүүгө, оюндун эрежелерин бекем сактоого үйрөтүү менен ошол көндүмдөрдү турмуш жолунда пайдаланууга жана аларды мүнөз катары калыптандырууга өбөлгө түзгөн.

Кыз-келиндерге жана жигиттерге арналган «Ак чөлмөк», «Селкинчек» сыяктуу оюндарды ойноодо жаш улан-кыздар бош убактыларын туура, көңүлдүү өткөрүү менен, алардын кыймыл-аракети жалпынын көзөмөлүндө болуп, жаштарды учурда болуп жаткан сыяктуу ар түрдүү жосунсуз жоруктардан сактаган.

Кыргыздардын үрп-адаттарындагы бардык жагдайлар жалпы коомчулук мүнөздө болуп, инсандын баалуулук багыттарын аныктоодо зор орунду ээлеген. Алсак, бала төрөлгөндөн тартып, адам өлгөнгө чейинки бардык салт-жөрөлгөлөр көпчүлүктүн катышуусунда жүргүзүлүп келген. Ата-бабалардан бери сакталып, муундан муунга оозеки өтүп келген элдик оозеки чыгармаларда дагы бул маселелер ачык чагылдырылат.

Жалпылап айтканда, улуттук маданий шарттардын инсандын баалуулук багыттарын аныктоодогу мааниси өтө күчтүү экендигин жогорудагы маселелер ачык көрсөтөт. Андыктан, кылымдардан кылымдарга эскирбей, тозбой сакталып келген маданий, рухий мурастарыбызды бүгүнкү күндө дагы аздектеп, учуруна ылайык пайдаланып, жөрөлгөлүү салттарды бүгүнкү турмушубузда дагы ылайыктап пайдалануунун орду толгус.

**АДАБИЯТТАР:**

Асипова Н.А. Социалдык тарбия. - Бишкек: КТМУ, 2005.

Рахимова